# МЕКТЕПТЕГИ СТУДЕНТ-ПРАКТИКАНТ УЮШТУРГАН САБАКТАРДЫН НАСААТЧЫ ТАРАБЫНАН БААЛАНЫШЫ


**АКУНОВА А.Р.,**
**ЧОКОШЕВА Б.С.**

«Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы» адистигин окуган болочоктогу башталгыч класстын мугалимдери адис катары калыптануусу үчүн күндөлүк уюштурулуучу ар кыл формадагы лекция, практикалык, семинардык, лабороториялык сабактардан тышкары мектепте жүргүзүлүүчү педагогикалык практикалардын өзгөчө мааниси бар экендиги талашсыз. Ошондуктан бул адистикти даярдоодо окуу планында педагогикалык практиканын 3 түрү каралган:

1. Калыптандыруучу-педагогикалык практика (2-3-4-курс – 17 жума);
2. Кесиптик-базалык практика (3-курс, 4 жума);
3. Кесиптик-профилдик (4-курс, 7 жума).

Ар бир практиканын максаттары жана милдеттери, студенттеги кайсы компетенцияларды калыптандырары, студент-практиканттын укуктары жана милдеттери, насаатчы-педагогдордун милдеттери, практикаларды уюштуруу жана өткөрүүгө байланыштуу бардык көрсөтмөлөр педпрактиканы уюштуруу боюнча стандартта, кафедралардын педпрактика боюнча иштеп чыккан программаларында жана студент-практиканттын күндөлүгүндө ачык-айкын берилген. Бирок, практика көрсөткөндөй, студент-практиканттын мектепте уюштурган сабактарына баа берүүдө жана баалоодо мектептин насаатчы-мугалимдери үчүн да, университеттин насаатчы-методисти үчүн да жалпыланган, бирдиктүү так баалоо критерийлери, калыптандыруучу баалоону, кайтарым байланыштын натыйжалуулугун арттыруучу калыпка салынган баракчалар жетишсиз экендиги байкалат. Алсак, 4-курстан 8-семестринде 6 жумалык мөөнөттө өтүлүүчү педагогикалык практикада студент-практиканттын 1-3-жума ичиндеги күнүмдүк уюштурган сабактары насаатчы-мугалим тарабынан көзөмөлдөнүп, күн сайын оозеки бааланып турат. Ал эми 4-5-жумадагы 2 жолку үйрөнчүк сабакка университеттин насаатчы-методисти катышып, ал сабактардын пландалышынан тарта талданылышына чейин студент-практикантка жардам берет жана зачеттук (6-жума) сабактарды уюштурууга даярдайт, көнүктүрөт. Эске ала турган нерсе, студент-практикантка баа коюу негизги максат болбостон, педагогикалык тажырыйба топтоосуна, кесиптик өнүгүшүнө жагымдуу жагдай түзүп жардам берүү – насаатчылардын негизги максаты катары каралууга тийиш. Тилекке каршы, айрым учурларда студент-практиканттын ишмердүүлүгү талапка ылайык бааланбай, убагында берилбеген кайтарым байланыштар, сунуштар адистин толук кандуу калыптанышына өзүнүн терс таасирин тийгизген учурлары да катталат.

Студент-практиканттын сабак уюштуруудагы баалоо критерийлеринин так болушу насаатчы үчүн да, практикант үчүн да ачык-айкындуулукту камсыз кылат. Ошондуктан төмөндөгү баалоо баракчаларын насаатчылар үчүн сунуштайбыз.




1-форма

**Үйрөнчүк сабактарды баалоо баракчасы**

**Студент-практиканттын аты-жөнү** ________________________________________________

_____________________________________________________________________________________

**Группасы**________________________ **Күнү, айы, жылы**__________________________

**Убактысы**______________________ **Насаатчы-мугалими**___________________________

**Класс жөнүндө маалымат**____________________________________________________

_____________________________________________________________________________________

**Предметтин аталышы**___________________________________________________________________

**Сабактын темасы**________________________________________________________________

**Сабактын тиби**__________________________________________________________________

**Сабактын формасы**_______________________________________________________________

**1. Теориялык билими** (*сабактын планынын стандарт, план, программага ылайык келүүсү, окуу мазмунуна ылайык билим деңгээли, SMART критерийи, Блум таксономиясы, ИБОнун жоболорун билүүсү*) ___________________________________________________________

_____________________________________________________________________________________

**2. Методикасы** (*сабакта колдонулгон ыкма, метод, каражаттарынын натыйжалуулугу*)

_____________________________________________________________________________________

_____________________________________________________________________________________

**3. Педагогикалык чеберчилиги** (*класста өзүн-өзү алып жүрүүсү, окуучулардын жаш, инсандык өзгөчөлүгүнө жана үйрөнүү стилине ылайык мамиле кыла билүүсү)*_____________

_____________________________________________________________________________________

_____________________________________________________________________________________

**4. Кайтарым байланыш үчүн сунуштар**______________________________________________

_____________________________________________________________________________________

_____________________________________________________________________________________

**Насаатчы-методист**_________________________________**Колу**_______________

2-форма

**Зачёттук сабактарды баалоо баракчасы**

**Студент-практиканттын аты-жөнү** ________________________________________
________________________________________________________________________

**Группасы**______________________ **Окуу формасы**____________________________

**Күнү, айы, жылы**______________________________________________________________

**Убактысы**____________________________________________________________________

**Класс жөнүндө маалымат**_______________________________________________________
________________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________

**Предметтин аталышы**__________________________________________________________

**Сабактын темасы**______________________________________________________________

**Сабактын тиби**________________________________________________________________

**Сабактын формасы**_____________________________________________________________

| Сабактын этаптары жана алардын уюшулушун баалоо критерийлери | Баа берүү | Сунуштар |
|---|---|---|
| ***Уюштуруу***<br>1. *Сабактын план-конспектисинин мамл. стандарт, окуу план, программасына (куррикулум) шайкештиги, сабактын максатынын тууралыгы (SMART критерийи)*<br>2. *Окуучуларды сабакка даярдоо ыкмасы*<br>3. *Сабактын максатынын түшүндүрүлүшү*<br>4. *Баалоо критерийлеринин ачыкталышы* | | |
| ***Үй тапшырмасын текшерүү***<br>1. *Кайтарым байланышты уюштуруу ыкмасы*<br>2. *Калыптандыруучу баалоонун колдонулушу*<br>3. *Убакыттын туура пайдаланылышы* | | |
| ***Жаңы теманы түшүндүрүү***<br>1. *Теориялык билими*<br>2. *Колдонулгон метод, ыкмалардын натыйжалуулугу*<br>3. *Көрсөтмөлүүлүктүн даярдалышы жана колдонулушу*<br>4. *Калыптандыруучу баалоонун ыкмалары*<br>5. *Окуучулардын эске тутуу, кабыл алуу натыйжалуулуктарына жетишүүсү* | | |
| ***Жаңы теманы бышыктоо***<br>1. *Окуу китеби менен иштөө жана кошумча каражаттардын пайдаланылышы*<br>2. *Окуучулардын таанып билүү жана үйрөнүү стилдеринин өзгөчөлүктөрүнө ылайык көнүгүүлөрдүн ар түрдүүлүгү*<br>3. *Окуучуларды өз алдынча, жупта, топто иштетүү ыкмалары* | | |

| | | |
|---|---|---|
| *4. Калыптандыруучу баалоонун колдонулушу*<br>*5. Убакыттын туура пайдаланылышы* | | |
| ***Үй тапшырмасын берүү***<br>*1. Тапшырманын түшүндүрүлүшү*<br>*2. Тапшырманын түрү, формасы жанга деңгээли (эске тутуу, түшүнүү, колдонуу, талдоо, жыйноо, баалоо, чыгармачылык)*<br>*3. Окуу китебинен, кошумча каражаттардан берилиши* | | |
| ***Жыйынтыктоо***<br>*1. Сабакта жарыяланган максаттардын ишке ашышына талдоо жүргүзүү ыкмалары*<br>*2. Окуучулар менен кайтарым байланыштын уюштурулушу* | | |
| **Баалоо**<br>*1. Баалоо критерийлеринин жетекчиликке алынышы*<br>*2. Окуучулардын өзүн-өзү баалоосунун уюштурулушу*<br>*3. Баа койбостон жана баа коюу менен баалоонун колдонулушу* | | |

**Сабактын максаттарынын ишке ашышы:**
а) билим берүүчүлүк максаты ________________________________________________
б) тарбия берүүчүлүк максаты________________________________________________
в) өнүктүрүүчүлүк максаты __________________________________________________

**Жыйынтык баа**_____________________________________________________________

**Насаатчы-мугалим**______________________________**Колу**____________
**Насаатчы-методист** ______________________________**Колу**____________

Ал эми төмөндөгү форма студент-практиканттын уюштурган сабактарына байкоо жүргүзүү жана баа берүү үчүн универсалдуу инструмент катары кызмат кыла алат. Бул баракча насаатчылар тарабынан толтурулуп, студент-практикантка тапшырылат. Студент-практикант насаатчынын сунуштарын эске алуу менен сабакка даярданат, өзүнүн жетишкендиктери менен кемчиликтерин талдайт жана насаатчынын берген сунуштарына ылайык билим, билгичтик, көндүмдөрүнө тактоо, толуктоо, өзгөртүүлөрдү кылат, кайтарым байланышты уюштурат.

3-форма

**Сабакка байкоо жүргүзүү формасы**

| | |
|---|---|
| Күнү,айы,жылы:<br><br>Убактысы: | Студент-практикант:<br>Курсу:<br>Институту:<br>Адистиги: |
| Байкоочу: | Мектеп: Класс:Окуучулардын саны: |

**Сабактын темасы:**

| *Критерийлер* | *Баа ( v, ?)* | *Комментарийлер* |
|---|---|---|
| **1. Сабактын пландалышы** | | |
| 1.1. окуучунун позициясынан коюлган так максаттар[1] | | |
| 1.2. тапшырманы аткаруу үчүн жетишерлик убакыт | | |
| 2. **Классты башкаруу жана окутуу методикасы** | | |
| 2.1. мугалим түшүнүктүү көрсөтмөлөрдү берет | | |
| 2.2. мугалим тактаны ылайыгына жараша колдонот | | |
| 2.3. мугалим башка жабдууларды колдонот | | |
| 2.4. кошумча материалдардын сапаты/ пайдалуулугу | | |
| 2.5. мугалим бардык окуучуларды тартуучу стратегияларды колдонот | | |
| 2.6. мугалим көбүрөөк сүйлөйт/окуучулар көбүрөөк сүйлөшөт | | |
| 2.7. мугалим тартипти көзөмөлдөйт | | |
| **3. Окуучулардын билим алуусу жана кабардар болуусу** | | |
| 3.1. окутууну шарттоочу жакшы атмосфера | | |
| 3.2. окуучуларга эмне жасап жатышкандыгы жана эмне үчүн экендиги түшүнүктүү | | |
| 3.3. мугалим окуучуларга суроо берүүгө мүмкүнчүлүк берет | | |
| 3.4. мугалим натыйжалуулук үчүн жеке/ жуп/ топтук иштерди колдонот | | |

[1] Сабактын максаты окуучунун позициясынан тактага жазылып, угуза айтылат жана коюлган бардык максаттарга жеткендиги же жетпей калгандыгын аныктоо үчүн сабактын аягында кайрылышат.

| 4. **Окуучулардын жетишкендигин баалоо** | | |
|---|---|---|
| 4.1. мугалим сабактын жүрүшүндө калыптандыруучу баалоону колдонот | | |
| 4.2. окуучулар тиешелүү кайтарым байланышты алышат | | |
| 4.3. мугалим сабактын аягында жыйынтыктоочу баалоону колдонот (ылайыгына жараша) | | |
| **5.** Үй **тапшырма** | | |
| 5.1. мугалим үй тапшырма берет | | |
| 5.2. мугалим түшүндүрөт/ үй тапшырма боюнча үлгүлөрдү берет | | |
| **6.Башка/кошумча маалымат** | | |
| 6.1. Сунуштар | | |
| 6.2. Комментарийлер | | |

**Колдонулган булактар:**

1. Положение педагогической практики. Учебное управление КГУ им.И.Арабаева. – Бишкек, 2011.
2. «Башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы» кафедрасынын педагогикалык практикасы боюнча программасы. – Бишкек, 2011.
3. Руководство для наставников: Как стать хорошим наставником для студентов, проходяних педагогическую практику. – Бишкек, 2011.